Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№03 (233) 2025-жыл, март

Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

QS Stars Эл аралык университеттердин предметтик рейтингинде

**301-350-ОРУНДА**







**АЗИЯДА 260**

**БОРБОР АЗИЯДА 13**

**УНИВЕРСИТЕТТИН КАТАРЫНДА**

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# БИЗ МЕНЕН ДҮЙНӨНҮН ЭШИГИН АЧ!

## ОШМУ УЧУРДА

- 5 мектеп-гимназия
- 6 колледж
- 4 факультет
- 1 жогорку билим берүү мектеби
- 8 институт

- 32 окуу имараты
- 10 студенттик жатакана
- 18 ачык жана жабык типтеги спорт комплекси
- 1 стартап борбору
- 2 медициналык клиника
- 2 пансионат

- 1 245 окуучу
- 14 582 студент (колледж)
- 48 012 студент
- 13 522 чет өлкөлүк студент
- 2 425 магистрант
- 262 аспирант
- 660 ординатор
- 70 докторант (PhD)

Дүйнөдөгү алдыңкы QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде 4 жылдызга ээ

30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук борборлор, лабораториялар жана концерттик залдар бар

## ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КЛАССТЕРИ

- ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ (БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮ БОРБОРУ, МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯЛАР)
- ОРТО АТАЙЫН/ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (КЕСИПТИК ЛИЦЕЙ, КОЛЛЕДЖДЕР)
- ЖОГОРКУ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (БАКАЛАВРИАТ, МАГИСТРАТУРА, СПЕЦИАЛИТЕТ)
- ЖОЖДОН КИЙИНКИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ (АСПИРАНТУРА, ОРДИНАТУРА, PHD ДОКТОРАНТУРА)

# Ар бир кесип ардактуу

Ош мамлекеттик университети 2025-2026-окуу жылына төмөнкү багыттар/адистиктер боюнча абитуриенттерди кабыл алууну жарыялайт:

## ФИЛОЛОГИЯ ЖАНА МАДАНИЯТ АРАЛЫК КОММУНИКАЦИЯ ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Филологиялык билим берүү:** Кыргыз тили жана адабияты;
- **Филологиялык билим берүү:** Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлбөгөн билим берүү мекемелериндеги мамлекеттик тил;
- **Филологиялык билим берүү:** Орус тили жана адабияты;
- **Филологиялык билим берүү:** Англис тили
- **Филологиялык билим берүү:** Немис тили
- **Филологиялык билим берүү:** Француз тили
- **Филологиялык билим берүү:** Корей тили
- **Лингвистика:** Котормо жана котормо таануу-Англис тили
- **Лингвистика:** - Чет тилдерди жана маданияттарды окутуунун теориясы жана методикасы.

**Магистратура**

- **Филологиялык билим берүү:** Кыргыз тили жана адабияты
- **Филологиялык билим берүү:** Орус тили жана адабияты
- **Филологиялык билим берүү:** Англис тили
- **Филология:** Кыргыз тили жана адабияты
- **Филология:** Орус тили жана адабияты
- **Филология:** Чет тили
- **Лингвистика:** Котормо жана котормо таануу

## ПЕДАГОГИКА, ИСКУССТВО ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Педагогика:** Башталгыч билим берүү;
- **Педагогика:** Мектепке чейинки билим берүү жана логопедия;
- **Педагогика:** Логопедия.
- **Психология**
- **Журналистика**
- **Реклама жана коомчулук менен байланыш**
- **Көркөм билим берүү:**

- Музыкалык искусствосу;
- Көркөм өнөр искусствосу.

- **Музыкалык эстрада өнөрү**

- Дизайн: костюм дизайны; интерьер дизайны

- **Костюм жана текстиль искусствосу**
- **Актердук өнөр**
- **Режиссура (Кино, ТВ)**

**Магистратура**

- **Педагогика:** Башталгыч билим берүү; Мектепке чейинки билим берүү.
- **Психология**
- **Журналистика**
- **Көркөм билим берүү:**

- Музыкалык искусство
- Көркөм өнөр искусствосу

- **Костюм жана текстиль искусствосу**

## ЧЫГЫШ ТААНУУ ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Чыгыш таануу:** Чыгыш тилдери жана дипломатиясы (араб, түрк, фарси, кытай, корей, япон)
- **Чыгыш таануу:** Чыгыштын тарыхы, чыгыш тилдерин окутуу менен (араб, түрк, фарси, кытай, корей, япон)
- **Филология:** Чыгыш тилдери (араб, түрк, фарси, кытай, корей, япон)
- **Лингвистика:** Котормо жана котормо таануу: Чыгыш тилдери (араб, түрк, фарси, кытай, корей, япон)
- **Конфликтология:** Жалпы конфликтология

**Магистратура**

- **Чыгыш таануу:** Чыгыш тилдери жана дипломатиясы (араб, түрк, фарси, кытай, корей, япон)

## ТАРЫХ ЖАНА ЮРИДИКА ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Социалдык-экономикалык билим берүү** - Тарых
- **Китепкана таануу жана документ жүргүзүү:**

- Башкарууну документациялык камсыздоо

- **Юриспруденция**
- **Соттук экспертиза**
- **Бажы иши**

**Магистратура**

- **Социалдык-экономикалык билим берүү** - Тарых
- **Юриспруденция**

## МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Физика-математикалык билим берүү:**

- Математика жана информатика;
- Физика

- **Математика**
- **Физика**
- **Колдонмо математика жана информатика:**

- Колдонмо математика жана информатика;
- Big Data аналитик.

- **Колдонмо информатика:**

- Экономикадагы колдонмо информатика;
- Архитектурадагы колдонмо информатика;
- Бизнес процесстерди жана финансыны автоматташтырылган башкаруу.

- **Информатика жана эсептөө техникасы:**

- Эсептөө техникаларын жана автоматташтырылган системаларды программалык жабдуу (ПОВТАС);
- Информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары (АСОИУ).

- **Информациялык системалар жана технологиялар:**

- Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар;
- Билим берүүдөгү информациялык системалар жана технологиялар.

- **Маалыматтык коопсуздук**
- **Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия**
- **Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо**
- **Программалык инженерия:**

- Веб-технологиялар жана мобилдик системаларды программалык камсыздоо;
- Электромобилдер жана роботтук техникалык системаларды автоматтык башкаруу үчүн программаларды иштеп чыгуу.

- **Математика жана системалык анализ**
- **Компьютердик лингвистика**
- **Дизайн:** графикалык дизайн
- **Электроэнергетика жана электротехника:**

- Электр менен камсыздоо.

- **Агроинженерия**
- **Архитектура**
- **Техникалык физика:**

-Медициналык физика;
-Криминалистикалык экспертизанын физикалык методдору

- **Эмгек жана жалпы техникалык дисциплиналар**
- **Мехатроника жана робототехника**

**Магистратура**

- **Физика-математикалык билим берүү** (Математика, информатика)
- **Физика-математикалык билим берүү** (Физика)
- **Математика**
- **Физика**
- **Электроэнергетика жана электротехника**
- **Колдонмо математика жана информатика**
- **Информатика жана эсептөө техникасы**
- **Информациялык системалар жана технологиялар**
- **Колдонмо информатика**
- **Билим берүүнүн менеджменти**

## ТАБИЯТ ТААНУУ, ДЕНЕ ТАРБИЯ, ТУРИЗМ ЖАНА АГРАРДЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Табигый-илимий билим берүү:** Биология; Химия; География
- **Биология** (профили: Биология жана лабораториялык иш)
- **География** кошумча экология
- **Химия** (профили: химиялык-экологиялык, криминалистикалык экспертиза)
- **Туризм:** Эл аралык туризм
- **Агрономия** (карантиндик өсүмдүктөрдү коргоо)
- **Ветеринария**
- **Зооинженерия жана мал чарба продуктыларын кайра иштетүүнүн технологиясы**
- **Токой чарбасы жана ландшафттык архитектура**
- **Колдонмо геодезия**
- **Дене тарбия жана спорт**

**Магистратура**

- **Табигый-илимий билим берүү**
- **Биология**
- **Химия**
- **Туризм**
- **Агрономия**
- **Дене тарбия жана спорт**

## ЭКОНОМИКА, БИЗНЕС ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Экономика:** Финансы жана кредит;
- **Экономика:** Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит;
- **Экономика**: Экономика жана ишканалардагы башкаруу;
- **Экономика:** Салык жана салык салуу;
- **Экономика:** Экономикалык-математикалык методдор;
- **Экономика:** Санариптик экономика;
- **Экономика:** Бизнес аналитика жана статистика;
- **Экономика:** IT-Бухгалтерия;
- **Экономика:** Финансылык аналитика;
- **Экономика:** Финансылык коопсуздук жана финансылык көзөмөл;
- **Экономика:** Банктык инжиниринг;
- **Экономика:** Аудит жана финансылык көзөмөл;
- **Экономика:** Эл аралык экономикалык мамилелер жана бизнес.
- **Менеджмент**
- **Маркетинг**
- **Бизнес информатика**
- **Бизнес информатика:** Электрондук бизнес
- **Бизнес информатика:** Бизнес аналитикадагы IT
- **Бизнести башкаруу**
- **Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу**
- **Социалдык иш**

**Магистратура**

- **Экономика:** Финансы жана кредит;
- **Экономика:** Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит;
- **Экономика:** Экономика жана ишканалардагы башкаруу;
- **Экономика:** Экономикалык ишмердүүлүктүн бажылык, тарифтик жана салыктык жөнгө салуу;
- **Менеджмент**
- **Менеджмент:** Финансылык менеджмент
- **Маркетинг**
- **Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу**
- **Социалдык иштер**

## АРАШАН ГУМАНИТАРДЫК ИНСТИТУТУ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Теология**

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Теология**

**Магистратура**

- **Теология**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

### РОССИЯЛЫК ЖАНА ЕВРАЗИЯЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Аймак таануу:** Чыгыш Азия
- **Башталгыч билим берүү:** Англис тили
- **Эл аралык мамилелер жана санариптик дипломатия**

**Магистратура**

- **Аймак таануу: Чыгыш Азиядагы интеграциялык процесстер:** коомдук-саясий аспектилери
- **Башталгыч билим берүү. Англис тили**

### ТҮРК ТИЛДҮҮ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Программалык инженерия**
- **Интернет технологиялар жана башкаруу**
- **Математика жана компьютердик илимдер**

### ЕВРОПА ЖАНА АМЕРИКА ИНТЕГРАЦИЯ БӨЛҮМҮ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Европа таануу**
- **Бизнести башкаруу:** Эл аралык бизнес
- **Англис тили кошумча котормо жана котормо таануу профили менен**
- **Англис тили кошумча компьютердик лингвистика профили менен**

**Магистратура**

- **Бизнести башкаруу:** Эл аралык бизнес

### ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БӨЛҮМҮ

- **Эл аралык мамилелер:** Дүйнөлүк интеграция жана эл аралык уюмдар
- **Саясат таануу**

**Магистратура**

- **Эл аралык мамилелер**
- **Саясат таануу**

## КЫРГЫЗ-КЫТАЙ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Кытай таануу**
- **Лингвистика:** Котормо жана котормо таануу
- **Программалык инженерия:**
  - Информатика жана технология;
  - Электрондук маалымат инженериясы.
- **Филология:** Филологиялык дисциплиналарды окутуунун методикасы (Англис тили)
- **Филология:** Филологиялык дисциплиналарды окутуунун методикасы (Кытай тили)

**Магистратура**

- **Кытай таануу**
- **Лингвистика:** Котормо жана котормо таануу

## МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Дарылоо иши**
- **Педиатрия**
- **Медициналык алдын алуу иши**
- **Стоматология**
- **Фармация** (кечки бөлүм орто кесиптик жана жог. мед. бил. баз.)
- **Медициналык айым иши**
- **Лабораториялык иши**
- **Стоматология** (Тюмень мамл.мед.ун. м-н кош дипл. прогр.)

## ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Дарылоо иши** (чет элдик жарандар үчүн)

**ОшМУ менен УГМУ (Россия) кош диплом программалары**

- **Дарылоо иши**
- **Педиатрия**
- **Стоматология**

**Магистратура**

- **Коомдук саламаттыкты сактоо**
- **Нутрициология**

## ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ

**Жогорку кесиптик билим берүүчү багыттар/Бакалавр**

- **Теология**

## ФИНАНСЫ – ЮРИДИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Укук таануу**
- **Укук коргоо ишмердүүлүгү**
- **Экономика жана бухгалтердик эсеп**
- **Финансы (тармактар боюнча)**
- **Салык жана салык салуу**
- **Банк иши**
- **Теология**

## ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Башталгыч класстарда окутуу**
- **Мектепке чейинки билим берүү**
- **Дене тарбия**
- **Эсептөө техникасын жана автоматташтырылган системаларды программалык жабдуу** (ПОВТАС)
- **Дизайн**
- **Тигүү буюмдарын моделдөө, конструкциялоо жана технологиясы**
- **Социалдык иш**
- **Башкарууну документациялык камсыздоо жана архив жүргүзүү**

## ЭЛ АРАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫ КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Чет тили (англис тили)**
- **Чет тили (немец тили)**
- **Котормо иши (англис тили)**
- **Котормо иши (кытай тили)**
- **Котормо иши (корей, араб, түрк тилдери)**
- **Медиалингвистика**

## STEM ИННОВАЦИЯЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Электр менен камсыздоо**
- **Автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана оңдоо**
- **Транспорттук электр жабдууларын жана автоматикасын эксплуатациялоо**
- **Медициналык техникаларды оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана монтаждоо**
- **Техникалык эсептөөчү каражаттарды жана компьютердик тармактарды техникалык тейлөө**
- **Колдонмо информатика** (тармактар боюнча)
- **Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу** (тармактар боюнча)
- **Ветеринария**
- **Туризм**
- **Колдонмо геодезия**

## МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Акушердик иш**
- **Медициналык айым иши**
- **Дарылоо иши**
- **Ортопедиялык стоматология**
- **Профилактикалык стоматология**
- **Фармация**
- **Лабораториялык диагностика**

## ӨЗГӨН ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

**Орто кесиптик билим берүүчү адистиктер**

- **Акушердик иш**
- **Медициналык айым иши**
- **Дарылоо иши**
- **Ортопедиялык стоматология**
- **Профилактикалык стоматология**
- **Фармация**
- **Физикалык терапия**

## КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ БОРБОРУ

**ОКУТУУЧУЛАР ҮЧҮН КУРСТАР**

Психология жана педагогика (3 айга чейин)
Педагогикалык квалификацияларды жогорулатуу (1 айга чейин)
Билим берүү ишмердүүлүгүнүн багыттары (3 айга чейин)

**СТУДЕНТТЕР (ЖАШТАР) ҮЧҮН КУРСТАР**

Музыкалык аспаптар (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Бармен, официант (Окуу мөөнөтү: 2 айга чейин)
Ашпозчу (Окуу мөөнөтү: 2 айга чейин)
Программалаштыруу (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
1С бухгалтерия (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Бычып тигүү (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Компьютердик графика (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Корей тили (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Немис тили (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Араб тили (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Япон тили (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Мамлекеттик сатып алууларга окутуу (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Каржы эсеби (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Салыктар (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Бухгалтердик эсеп (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Биринчи медициналык жардам көрсөтүү (Окуу мөөнөтү: 3 ай)
Укалоо (Окуу мөөнөтү: 3 айга чейин)
Жалпы республикалык тестке даярдоо (математика, кыргыз тили, орус тили, биология, химия, физика, тарых) (Окуу мөөнөтү: 10 ай)
Орус тили (Окуу мөөнөтү: 5 ай)
Англис тили (Окуу мөөнөтү: 5 ай)
Түрк тили (Окуу мөөнөтү: 5 ай)
Кытай тили (Окуу мөөнөтү: 5 ай)
Декоративдик колдонмо искусствосу(Окуу мөөнөтү: 5 ай)
Информатика(Окуу мөөнөтү: 5 айга чейин)
Уюлдук телефондорду оңдоо, техникалык жактан тейлөө жана модернизациялоо (Окуу мөөнөтү: 5 айга чейин)
Бизнести долбоорлоо (Окуу мөөнөтү: 5 айга чейин)
Манекенщица (Окуу мөөнөтү: 5 айга чейин)
Чет өлкөлүк жарандар үчүн орус жана кыргыз тилдерине даярдоо курсу (Окуу мөөнөтү: 8 айга чейин)

## IT АКАДЕМИЯ

- **WEB-технология**
- **Локалдык тармактар администратору**
- **Программалоо курстары**
- **Робототехника**

## №12 кесиптик лицейи

- **Ашпозчу-кондитер**
- **Тигүүчү жана тигүү жабдууларынын оператору**
- **Электр-газ менен ширетүүчү**
- **Тигүүчү-бычмачы**
- **Санитардык-техникалык жана желдетүү системаларын жана жабдыктарын монтаждоочу; электр жана газ менен ширетүүчү**
- **Чачтарач-визажист**
- **Электр жабдууларын оңдоочу жана тейлөөчү электр монтер**
- **Ашпозчу-кондитер**

## МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯЛАР

- **"БИЛИМ" окуу-тарбия комплекси** (1-11-класс)
- **"ЫЙМАН" окуу-тарбия комплекси** (1-11-класс)
- **"КАРА-СУУ" гимназиясы** (8-11-класс)
- **"НООКАТ" гимназиясы** (8-11-класс)
- **"ЗИРЕК" башталгыч билим берүү борбору** (1-4-класс)

## Керектелүүчү документтер:

- Абитуриенттин арызы;
- АТТЕСТАТ же ДИПЛОМ (түп нускасы);
- ЖРТнин сертификаты;
- 3 x 4 өлчөмүндөгү 6 даана сүрөт;
- Паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, көчүрмөсү;
- Аскердик билеттин же каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү.

WWW.OSHSU.KG
+996 (3222) 7-22-73
+996 (3222) 7-09-15
edu@oshsu.kg
OSH STATE UNIVERSITY
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
@OSHSU.KG
@OSHSU.KG

КРнын ББжИ минист. лиценз.:
№D2018-0001 13.11.2018, №C2019-0021 26.07.2019

# КЕЛЕЧЕГИБИЗДИ ӨЗҮБҮЗ АНЫКТАЙБЫЗ



## Кымбаттуу абитуриент!

Бүгүн силер билим, тарбия берип турмуштун узак жолуна аттантып жаткан мектебиңерге ыраазычылык айтып, колуңарга орто мектептин бүтүрүү аттестатын алуу алдында турасыңар.

Жашоoңордун жаңы барагы ачылып, өлкөмдүн намысына жарасам, ата-энемдин аруу тилегин, мүдөөсүн аткарсам, эң негизгиси жүрөгүмдөгү бөпөлөп келген таттуу кыялдарымды ишке ашырсам деп турган чагыңар.

Азыр ар бириңер университеттердин аброюн, билим берүү деңгээлин, илимий потенциалын, сапаттык салмагын, эл аралык беделин, студенттик күндөрдү мазмундуу жана маңыздуу өткөрүү үчүн түзүлгөн шарттарын карап, терең ойлонуп жаткан кезиңер.

Эгерде жүрөгүңөрдүн түпкүрүндө келечек муундарга татыктуу тарбия жана билим берген педагог болууну каалап турсаңар, өмүр сакчысы болууну эңсеп жатсаңар, элдин укугун коргогон юрист болгуңар келсе, ыйман жолуна үндөгөн теолог болууга ниет кылып жатсаңар, экономиканы көтөргөн финансист, экономист, же бизнесмен болгуңар келсе, заманбап IT адис, компьютердин тилин билген кесипкөй инсан болууну самасаңар, өлкө желегин желбиреткен спортчу болууга, кыргыз элинин улуттук маданиятын дүйнөгө таанытткан искусство адамы болууну эңсеп жүрсөңөр, мамлекеттер арасында достукта көпүрө болууну каалап англис, француз, немис, араб, кытай, корей, япон тилдерин өздөштүрүп дипломат, тилчи мугалим, котормочу болууну кааласаңар, өлкөбүздүн энергетикалык булагын өнүктүргөн адис болууну кыялданып жатсаңар, акылмандуулукка умтулган философ, башкаруучу болгуңар келсе же жөн эле ак ниет менен элибизде кызмат кылган жакшы адам, татыктуу адис болууну кааласаңар, анда билим берүүнүн алтын уясы болгон Ош мамлекеттик университетин тандагыла.

Ош мамлекеттик университетинин коом үчүн адистерди даярдоо жоопкерчилигин жогорулатат. Окуу жайыбыз көп тармактуу билим берүү мекемеси катары жаңы форматтагы адистин компетенциясын калыптандырууга, ийгиликтүү карьера курууда жаңы горизонтторду ачууга мүмкүндүк берет.

Ош мамлекеттик университети эл аралык мамилелердин багыттарын кеңейтүүгө жетишти. Өнөктөш жогорку окуу жайлар менен биргелешкен кош дипломдуу билим берүү программаларын ийгиликтүү ишке ашырып, QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде 4 жылдызга ээ болду.

Дүйнөлүк деңгээлге чыгууга бел байлаган университетибиз эл аралык абройлуу QS рейтингинде (QS Asia University Rankings 2025) Азиядагы эң мыкты университеттердин ичинен 260, ал эми Борбордук Азия боюнча эң мыкты 13 университеттин катарына кирди.

"IAAR Eurasian University Ranking (IAAR EUR) - 2024" эл аралык рейтингинде экинчи орунду ээлөө менен Евразиядагы эң алдыңкы университеттердин үчтүгүнө кирди. Жалпы эмгек жамаатынын биргелешкен аракетинин натыйжасында пайда болгон бул ийгиликтер - "Ош мамлекеттик университети 4.0 муундагы университетке айлануу жолунда ишенимдүү баратат" деп айтууга толук негиз болуп бере алат.

Окуу жайыбыздын учурдагы артыкчылыктуу багыты - коомдун муктаждыктарына байланыштуу билим берүү, окутуу, илимий-изилдөө жана ишкердикке инвестиция салуу, ошондой эле илимий долбоорлорду коммерциялаштырууну натыйжалуу ишке ашыруу болуп саналат.

85 жылдык тарыхы бар ОшМУ сапаттуу жогорку билим берүүнү, кесиптик ишмердүүлүккө жөндөмдүү, компетенттүү адистерди калыптандырууну, аймактын илимий жана интеллектуалдык потенциалын жогорулатууну, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнү уланта берет.

Урматтуу абитуриент! Биздин окуу жай күн санап өнүгүү жолунда баратат. Кел, оку, өлкөнүн өнүгүүсүнө салымыңды кош! Бардыгы сенин колуңда экенин унутпа!

**ОшМУнун ректору, профессор**
**Кудайберди Кожобеков**

## ОШМУНУН МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯ, КОЛЛЕДЖДЕРИ

Окуу жайда бүгүнкү күндө 4 мектеп-гимназия, 1 башталгыч билим берүү борбору жана бала бакча бар. Окуучулардын жалпы саны – 1245ти түзөт. Мектеп-гимназиялар ачылгандан тарта 2 алтын сертификат, 16 "Алтын тамга", 11 республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрү, 219 ЖРТнин эң жогорку баллы жана 163 ЖРТнин орточо баллын алууга жетишти.

Ош мамлекеттик университетинин У. Салиева №37 дарегиндеги "Ыйман" балдар бакчасы Түркиянын "Диянет" фонду менен биргеликте капиталдык ондоп-түзөөдөн өтүп, ачылуу алдында турат.

Кыргыз билим берүү системасынын 100 жылдыгына карата уюштурулган "Жыл мугалими - 2024" республикалык сынагында ОшМУнун "Билим" лицейинин математика мугалими Назгүл Каныбекова баш байгени жеңип алды. Өлкө башчы тарабынан Бишкек шаарынан бир бөлмөлүү батир менен сыйланды.

## ИЛИМИЙ КИТЕПКАНА

Ош мамлекеттик университети билим берүү, илим изилдөө менен биргеликте билим алуунун негизги булагы болгон китепкананын өнүгүшүнө өзгөчө көңүл буруп келет. Окуу жайдын илимий китепканасына "Ирбис 64+» программасы алынып, китепкананын ишмердүүлүгү толугу менен автоматташтырылган.

Учурда илимий китепкананын базасында түштүктөгү 6 жогорку окуу жайлар арасында кызмат көрсөткөн Scopus изилдөө борбору ачылып, иштеп жатат. Илимий китепкана Борбордук Азиядагы Америка университетинин китепканасы менен да кызматташууну жүргүзүүдө.

## САНАРИП УНИВЕРСИТЕТ МЕЙКИНИНДЕ

Санариптик кызматтар. Алгачкылардан болуп өлкөдө ОшМУ электрондук окууга, санариптик тейлөөгө өттү. Абитуриент окууга тапшыргандан тартып, диплом алганга чейинки кыймыл-аракеттер санариптештирилди.

Университет санариптик платформаларды онлайн кабыл алуу, электрондук журнал, электрондук китепкана, электрондук окуу программасы жана силлабус, электрондук архив, электрондук табель, электрондук оорукана, онлайн-шайлоо системасы, "ОшМУ абитуриент", "ОшМУ окутуучу", "ОшМУ студент" тиркемелер жана 40тан ашуун университеттин институт, факультет, колледж, мектеп-гимназияларынын, структуралык түзүмдөрдүн сайты иштелип чыкты.

Бул программалар университеттин программисттери тарабынан түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматынын жана инновацияларынын сертификациялоодон өткөн.

Маалыматтарга негизделген башкаруу системалары. Окуу жайдын дата-борборунун кубаттуулугу кеңейтилип, аянтчасы Dell-740 үлгүдөгү 11 даана, маалымат сактоочу 2 даана сервер менен толукталды. Булуттук компьютерди дата-борборго орнотуу менен интернет мейкиндигинде жана локалдык тармакта 100 орундуу санариптик жумушчу орун түзүлдү.

Компьютердик кыргыз илим жана билим тармагы менен түзүлгөн (КНОКС) келишимдин алкагында Кыргызстандын түштүгүндө биринчи болуп төмөндөгү кызматтарды пайдаланууга шарттар түзүлдү:

- Eduroam Wi-Fi түйүндөрүндө эл аралык роуминг кызматы зымсыз кең тилкелүү кирүүгө;
- eduGAIN - илимий ресурстарга кошулуу, глобалдык инфраструктура идентификация жана аутентификация технологияларына негизделген жумуштарга;
- https://vc.krena.kg аркылуу эл аралык видеоконференцияларды пайдаланууга;
- G Suite for Education – булуттук кызматтар class room, google meet, google чексиз диск орун, google формалары ж.б. дистанттык окуу үчүн кызматтарга;

Ошондой эле лабораториялык комплекстер, компьютердик класстар, дистанттык билим берүү борборлору, электрондук билим берүү ресурстарына, китепканаларга аралыктан интернетке эркин чыгуу (Wi-Fi) зоналары бар комплекстер түзүлдү.

## MyEDU окуу процессин башкаруу платформасы

Өзгөчө макам алгандан тартып университетте окуу процессинин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү академиялык эркиндиктин принциптерине жана окутуунун кредиттик технологияларына негизделип MyEDU окуу процессин башкаруу платформасы иштелип чыкты. Аталган платформанын жардамында студент семестрге катталуу, каалаган дисциплиналарга жазылуу, окуу убактысын пландаштыруу аркылуу жекече окуу траекториясын аныктай алат.

Автоматташтырылган электрондук журналдар мугалимдерге студенттердин жетишкендиктерин так жана ыраатуу көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Бул система студенттердин сабактарга катышуусун, тапшырмаларын жана экзамен жыйынтыктарын сактоону автоматташтырат.

Ош мамлекеттик университинин жалпы платформалары 2026-жылга чейин «Электрондук кампус» тутумуна биригип, маалыматтардын автоматташтырылган корпоративдик экосистемасы түзүлөт.



Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# ЖОЖ-ИЛИМ-ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйругунун негизинде Жоболор бекитилип, чарбалык, ишкердик жана илимий багыттарда кошумча киреше түшүрүүчү түзүмдөр түзүлдү.

**ОшМУнун медициналык клиникасы.** Университеттин медициналык клиникасы өндүрүштүк университетке айланууга чоң импульс берет. Клиника “Кыргыз Республикасындагы билим берүү ишин лицензиялоонун тартиби жөнүндө” Жобого ылайык 2021-жылдын 3-мартынан тарта ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет. Учурда 80 кызматкер эмгектенүүдө. Клиника ачылгандан тарта амбулатордук диагностика, тез жардам көрсөтүү (30.03.2021-ж.), терапия, реанимация (24.04.2021-ж.), стоматология (20.10.2022-ж.), хирургия бөлүмү менен операциялык обочо (17.01.2023-ж.), жүрөк-кан тамыр хирургия бөлүмдөрү (02.03.2024-ж.) ачылды. Алдыда рентген эндоваскулярдык диагностика жана дарылоо обочосун (ангиографиялык система Philips Azurion 5 M20 аппараты) ачуу күтүлүүдө.

**«Ден соолук кербени»** долбоорунун алкагында ай сайын клиниканын дарыгерлери жана дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борборунун ординаторлору миңге жакын айыл жергесинин жашоочуларын медициналык кароодон акысыз өткөрөт. Жыйынтыгы ай сайын КРдин Саламаттык сактоо министрлигине берилет.

**7 кабаттуу медициналык клиниканын курулушу.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 13-апрелиндеги №114 “Ош шаардык клиникалык ооруканасынын ишин жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгына ылайык, эски Ош шаардык ооруканасы Ош мамлекеттик университетинин карамагына өттү.

Аталган аймакка университет өздүк каражаттын эсебинен 7 кабаттуу медициналык клиника куруп жатат.

Аталган клиникада боор, бөйрөк, чучук-сөөк трансплантация бөлүмү, микрохирургия, жандандыруу, операциялык бөлүм, гепатология, офтольмология, пластикалык хирургия, нефрология, гематология жана дарт аныктоо бөлүмдөрүнөн турат.

Клиниканы 2025-жылдын аягында пайдаланууга берүү пландалууда.

**Ветеринардык клиника.** 2023-жылы ачылган ОшМУнун ветеринардык клиникасы терапевдик дарылоо, профилактикалык алдын алуу, вакцинация, УЗИ-рентгенология, хирургиялык операция, лабораторлук диагностика жана башка кызматтарын көрсөтүүдө.

Клиникада жаныбарлардын генофондун сактоо, кунардуулугун, малдардан алынган азыктарды жана сырьёлорду (сүт, эт, кан, урук) изилдөө максатында “Молекулярдык биотехнология илимий борбору” түзүлдү. Борбордо малдарды асылдандыруу жана мите курттарды изилдөө боюнча эки илимий лаборатория ачылып, илим-изилдөө иштерин аткарууда. Алдыда Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл-чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги менен Ош мамлекеттик университети өнөктөштүктө “Мал чарбасы боюнча биотехнологиялык борбор - кичи асыл-тукум станциясы” куруу пландалууда.

**“Келечек муундун ХАБы”.** Jiangsu Huibo Robotics компаниясы менен биргеликте ОшМУнун 85 жылдык маарекесине карата 2024-жылдын 31-май күнү «Келечек муундун ХАБы» робототехника борбору ачылды. Бул Борбор Азиядагы жана Шанхай Кызматташтык Уюмунун мүчө өлкөлөрүндөгү биринчи жана жалгыз лабораториялык борбор болуп саналат. Учурда ОшМУнун математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институту кытай университеттери менен биргеликте студенттерди мехатроника жана



робототехника адистиги боюнча билим бере баштады.

**«Congress Resort OshSU»** борбору. ОшМУнун коммерциялык ишмердүүлүгүн жүргүзүү жобосун ишке ашыруу максатында Ош шаарынын Төлөйкөн айылында жайгашкан “Ак-Буура” эс алуу борбору «Congress Resort OshSu» атылышына өзгөртүлүп, толук жаңыдан курулду (4469,38 м2). Борбор эки кабаттан туруп, биринчи кабатында эс алуучу бөлмөлөр, 37 орундан турган мейманкана, экинчи кабатында жайкы, кышкы лагерлерге ылайыкташкан заманбап конференциялык залдар, бассейн жана ашкана жайгашты. Аталган комплекс конокторду тейлөө менен окуу жайга кошумча каражат алып келүүчү борборго айланды.

Ошондой эле университеттин **Ысык-Көлдөгү “Үмүт” пансионаты** да толук оңдоп-түзөөдөн өтүп, атайын жобонун негизинде коммерциялык иш-аракетин жүргүзө баштады.

**ОшМУнун бизнес паркы.** ОшМУнун бизнес паркы 2022-жылдын июнь айында ачылып, жалпы көлөмү 14 869 421 сомдук инвестиция тартты. Учурда 49 стартап долбоордо 83 адам ийгиликтүү иштеп жатат. Мындан тышкары 17 студент башка каржы булактарынын жардамы менен стартап долбоорлорун ишке ашырууда.

**Абанын булганышын изилдөө.** ОшМУ менен Жапониянын Эл аралык кызматташтык, Илим жана технология агенттиктери, “ТЕКИЗАИТЕКИШ” ЖЧКсы, Токио медициналык жана стоматологиялык университети “Спутниктик маалыматтарга жана аймактык химиялык транспорттук моделдөөнүн негизинде абанын булганышын баалоо системасын өнүктүрүү жана абанын булганышын изилдөө борборун түзүү” долбоорунда биргелешип кызматташууда. Долбоордун алкагында абанын булганышын өлчөөчү приборлор сатып алынат. Бул техникалар Ош, Бишкек шаарларына жана башка аймактарга орнотулат. Андан соң абанын булганышына мониторинг жүргүзүп жаткан улуттук системага киргизилет.

**Таштандыдан электр энергиясын өндүрүүчү станция.** Ош мамлекеттик университети кытайлык Xiamen Jinming Energy Conservation Technology Co., Ltd. компаниясы менен таштандыны кайра иштетүү аркылуу электр энергиясын өндүрүүчү станция куруу боюнча кызматташуу тууралуу меморандумга кол койду. Бул станция Кара-Суу районунда курулуп, аймактын экологиялык абалын жакшыртуу жана энергия менен камсыздоону максат кылат. Станциянын курулушу болжолдуу эки жарым жылга созулат жана толук кандуу ишке киргенден кийин саатына 6000 киловатт электр энергиясын өндүрүүгө жөндөмдүү болот. Бул экологиялык жактан алдыңкы долбоор катары Кара-Суу району гана эмес, Ош шаары, Өзгөн, Ноокат, Араван райондору үчүн да таштанды маселесин чечүүгө жардам берет.

**“Курбу-Таш токой” илимий-өндүрүштүк долбоору.** ОшМУнун алдында “Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар Консалтинг” борбору ачылган. Борбор Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүндөгү 300 га жер аянтын басып калган жер көчкүнүн ордунда “Курбу-Таш токой” илимий-өндүрүштүк долбоорун ишке ашырууда. 100 га жер аянты тосмого алынып, 50 га жакын жерге 30 миңден ашык түрдүү бак-дарактардын көчөттөрү өстүрүлүп жатат.

**Окуу-өндүрүштүк комплекси.** ОшМУнун окуу-өндүрүш комплексинде тигүү, программалоо адистиктеринде билим алган студенттер бир эле мезгилде окуу менен катар практикалык көндүмдөрдү айкалыштырып, эмгегине жараша айлык-маяналарды алышат.

Өндүрүлгөн продукциялар ОшМУнун фирмалык дүкөнүнө сатыкка чыгат.

**Жатаканаларды бош убакта иштетүү.** Жатаканалар мезгил талабына ылайык оңдолууда. 2022-жылы №2 жатакана Азия өнүктүрүү банкы жана КРдин Билим жана илим министрлигинин колдоосу менен 44 402,1 миң сомго оңдоп-түздөөдөн өтсө, 2023-жылы №3 жатакана толук жаңыланып, төлөмдөрдүн тарифтери кайра бекитилди. Андан сырткары бир күндүк коммерциялык баалар белгиленип, орун бош болгон убакта сырттан конокторду жайгаштырууга шарт түзүлдү. Мындан ары жатаканалар коммерциялык иш-аракеттерин жүргүзө алат. Алдыда Ош шаарынын Ы.Монуев №5 дарегинде 9 кабаттуу жатакананын курулушу пландалууда.

# ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ ГОРИЗОНТУ КЕҢЕЙҮҮДӨ

ОшМУ QS рейтингинин критерийлерине ылайык, университеттин дүйнөлүк академиялык чөйрөдөгү таанымдуулугун жогорулатуу максатында эл аралык илимий, академиялык жана Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максаттарына дал келген иш-чараларга активдүү катышууда.

Бүгүнкү күндө Ош мамлекеттик университети дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү (Америка, Испания, Италия, Германия, Чехия, Польша, Кытай, Россия, Корея, Япония, Малайзия ж.б.) 325 окуу жай менен академиялык мобилдүүлүк, кош дипломдуулук билим берүү программалары, конок жана онлайн лекцияларды уюштуруу, биргелешкен эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу, илимий иштерди жүргүзүү жаатында эки тараптуу кызматташуу келишимдеринин негизинде иш алып барууда.

Акыркы 5 жылда өнөктөш окуу жайлардан ОшМУга келген студенттер, окутуучулардын саны 1006га жетсе, ОшМУнун 1000 студенти чет өлкөгө академиялык мобилдүүлүк программасы менен чыгып келди.

Соңку эки жылда университет кыргыз маданиятын жана тилин жайылтуу максатында А. Навои атындагы Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде “Ч.Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты” борбору, Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинде ОшМУнун филиалы ачылды. Ошол эле учурда аталган окуу жайлардын “Казак тили жана маданияты”, “Өзбек тили жана маданияты”, Москва мамлекеттик университетинин “Ломоносов” атындагы борбору ОшМУда ачылып, иштеп жатат.

**Кош дипломдуу билим берүү программалары.** 2018-жылдан тарта биргелешкен билим берүү жана кош дипломдуулук программаларын түзүү иш-аракеттери активдүү жүрүп, 32 адистик боюнча Россия, Казакстандын жана Кытайдын университеттери менен келишимдерге кол коюлуп, окуу пландар иштелип чыкты. Учурда 22 адистик боюнча кош дипломдуу билим берүү программалары ишке ашууда. Белгород, Томск мамлекеттик, Россия элдердин достугу университети (РУДН) ж.б. окуу жайларда аталган программалар боюнча 12 магистрант окуусун ийгиликтүү аяктап, кош дипломго ээ болушту.

Ал эми 2022-2023-жылдары “филологиялык билим берүү”, “котормо таануу”, “лингвистика” багыттары боюнча кош дипломдуулук программаларына тапшырган 16 студент жана 2 магистрант ОшМУда 2 жана 1 жылдык окуусун ийгиликтүү аяктап, сентябрь айында Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетине жиберилди. Учурда жүздөн ашуун студент биргелешкен билим берүү жана кош дипломдуулук программалары боюнча билим алууда.

2019-2020-окуу жылдарда чет өлкөлүк студенттердин саны 6153тү түзсө, 2024-2025-окуу жылында алардын саны 10000ден ашты. Алардын көпчүлүгү өзбекстандык, индиялык, россиялык студенттер. АКШ, Түркия, Индия, Пакистан, Корея, Япония, Кытай ж.б. 10го жакын өлкөнүн 41 жараны ОшМУда окутуучулук кызматта эмгектенет.

Эл аралык таанууга ээ болуу. Эл аралык сапаттуу өнөктөштүктүн натыйжасында QS Quacquarelli Symonds уюму тарабынан сунушталган QS Stars Эл аралык университеттер рейтингинде 4 жылдызга ээ болду жана “төрт жылдыздуу университеттердин” катарын толуктады.

Ошондой эле эл аралык абройлуу QS рейтингинде (QS Asia University Rankings 2025) Азиядагы эң мыкты 260, Борбордук Азия боюнча эң мыкты 13 университеттин катарын толуктады.

Ош мамлекеттик университети «IAAR Eurasian University Rankings» эл аралык рейтингинин жыйынтыгы боюнча 2023-жылы 3-орунга чыкса, 2024-жылы бир тепкич жогорулап, Евразиядагы эң мыкты университеттердин катарында 2-орунга жайгашты.

Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун суроо-талап рейтингинин жалпы жыйынтыгы боюнча ОшМУ 6 жыл катары менен 1-орунда келет.

Көз карандысыз аккредитациялык агенттиктерден НААР –24, EdNet 112, ААОПО – 45 жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары өттү.

# ОКУУ ЖАЙДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ САЯСАТЫ

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил саясатын системалуу ишке ашыруу максатында алгылыктуу иш-аракеттер жүрүүдө.

Кыргыз тилин деңгээлдер боюнча окутуу боюнча 7 окуу куралы (экономика, юриспруденция, филология, линвистика, искусство, математика, табият таануу алистиктери үчүн) басылып чыкты. Жүздөн ашуун эл аралык, мамлекеттик, шаардык, университеттик денгээлде иш-чаралар өткөрүлдү. Ондон ашуун структуралык бөлүмдөрдө мамлекеттик тил боюнча мониторинг жүргүзүлдү. Мамлекеттик тилде 50дөн ашуун кандидаттык диссертациялар корголду. Медицина багытында 10дон ашуун китептер мамлекеттик тилде жарык көрдү. “Мектеп-ЖОЖ-өндүрүш” концепциясынын алкагында “Кыргыз тилин окутуунун методикасы” боюнча ОшМУнун окутуучулары тарабынан мектеп мугалимдерине 100дөн ашуун семинар-тренингдер өтүлдү.

Ош мамлекеттик университетинин чет өлкөлүк студенттери үчүн уюштурулган “Ырдайлы кыргыз ырларын” аттуу долбоор республикалык деңгээлде өтүп, ЖОЖдор арасындагы сынакта ОшМУнун командасы 2 жолу баш байгени багындырды.

# Университет – өнөрлүүгө өрнөк, таланттууга тирек



ОшМУнун 85 жылдык маарекеси









*"ОшМУ - Университет" кесипкөй волейбол клубу КРдин волейбол боюнча Улуттук лигасынын 2023-жылкы чемпиону*



*ОшМУнун футзал боюнча кесипкөй курама командасы 2024-жылы клубдар арасында өткөрүлгөн КРдин кубогунун жеңүүчүсү*



*"ОшМУ - Университет" кесипкөй кыздар волейбол клубу КРдин волейбол боюнча Улуттук лигасынын 3 жолку чемпиону*



*"ОшМУ" кесипкөй футбол клубу*

## ӨЗҮН-ӨЗҮ ӨНҮКТҮРҮҮ БОРБОРЛОРУ

- Жаштар кеңеши
- Акыйкатчы аппараты
- "Enactus" командасы
- "Нур" гезити
- "Үмүт" телестудиясы
- "Салтанат" фольклордук ансамбли
- "Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борбор"
- "Мырзалар" эстрадалык ырчылар тобу
- "Арууке" бийчилер тобу
  Дискуссия жана дебат клубдары

Студенттик өзүн-өзү өнүктүрүү борборлору студенттердин тажрыйбасын байытат, жеке жана кесиптик максаттарына жетүүгө жардам берет.

## СТИМУЛ БЕРГЕН СТИПЕНДИЯЛАР

**Ар жыл сайын эң мыкты студенттерге:**

- Президенттик стипендия 60 000 сом өлчөмүндө;
- 10 студентке "Атуулдук стипендия" 1200$ өлчөмүндө;
- 22 студентке Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы
- "ОшМУнун топ – 20 студентине" стипендия ыйгарылып келет.

Олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 000 000 сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлүп келет.



Л.Н. Гумилев атындагы ЕУУ, Казакстан



Ханбат университети, Түштүк Корея



Марбург университети, Германия



Урал мамлекеттик экономикалык университети, Россия

**Академиялык мобилдүүлүк программасы**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

# БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР – СЫЙМЫГЫБЫЗ!




**Ар бир адам үчүн окуган жери ыйык болот эмеспи. ОшМУнун туурунан учкан студенттер окуу жай менен сыймыктанса, университет ар тараптан ийгилик жаратып келе жаткан бүтүрүүчүлөрү менен сыймыктанат. Сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүбүздү жана ийгилик жараткан студенттерибизди кепке тарттык.**

**Эрнист Нурматов, «Азаттык» радиосунун Бишкек бюросунун кызматкери:**



## “ОшМУ сен тандаган кесиптин ачкычын бере алат”

Мен ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигин 2011-жылы бүтүргөм. Учурда «Азаттык» радиосунун Бишкек бюросунда эмгектенем.


Окуп жүргөндө эле сабактан сырткары университеттин «Нур» газитине барып, ошол жерде өз кесибиме байланыштуу көп нерселерди үйрөнө баштагам. Алгач кат ташып, ырларымды же чакан макалаларымды жарыялап тургам. Ошентип, кабарчы, редактордун орун басары, редактор болуп жүрүп, 2009-2010-жылдары башкы редакторлук милдетти аркалагам.

2010-жылы 4-курсту аяктап жаткан маалда «Азаттык» радиосуна сынак аркылуу кабарчылыкка өткөм. 2010-жылдан 2017-жылга чейин радионун Ош облусундагы кабарчысы болгом. 2017-жылдан тартып Бишкектеги бюронун туруктуу кызматкери болуп иштеп келе жатам. 2015-жылы жана 2022-жылдары радионун Прагадагы башкы кеңсесинде стажировкадан өтүп келдим.

2013-2015-жылдары ОшМУнун ошол маалдагы ректору Каныбек Исаков агайдын сунушу менен «Азаттыкта» иштөө менен бирге окуу жайдын журналистика бөлүмүндө окутуучу болуп эмгектендим.

Бүгүн окуу жайды аяктаганыма 12-13 жылдын жүзү болду, мен дагы бир нерсеге ынанып отурам. Өзгөчө биздин, Кыргызстандын шартында университеттин эң негизги милдети студентке кесиптик багыт берүү экен.

Учурда Кыргызстандын шартында өлкөбүздөгү эч бир университет Гарвард, Оксфорд, же башка ушул сыяктуу дүйнөлүк окуу жайлар менен тең келе албайт. Ал талашсыз нерсе. Бирок биздин окуу жайлар – анын ичинде ОшМУ студенттерге сен тандаган кесибиңдин ачкычын бере алат. Эшик ачылгандан кийинки басык, тепкичтен көтөрүлүү же түшүп кетүү, тандоо, айтор баары өзүбүздүн колубузда.



**Буайша Тилебалдыева, МФТИТ институтунун 4-курсунун студенти, президенттик стипендиянын ээси:**

## “ОшМУ — билимдин очогу!”

Мен ОшМУда окуп жатканымда жана бул университетти тандаганымды эч качан өкүнгөн эмесмин. Эгерде мен өзүмдүн окуу жолумду кайрадан баштасам, кайрадан эле ОшМУну тандап алмакмын. Бул окуу жай мага көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү ачып, мага карьералык, жеке жана академиялык өнүгүү үчүн бардык шарттарды түздү. ОшМУ – бул мен үчүн чыныгы тажрыйба, билим жана келечекке жол ачкан жай.

Мага жогорку билим гана эмес, бул жерде алган тажрыйбам менен өзүмдүн максаттарыма жетүү үчүн чыныгы ишеним, күч-кубат берди. Университеттин ар бир сабагы, иш-чарасы жана студенттик ишмердүүлүгү мага келечектеги карьерам үчүн чоң мааниге ээ болду.

Бул окуу жайга келгенде, мен жакшы билим алууга жана келечектеги максаттарыма жетүүгө багыт алып, келген болчумун. ОшМУ мага эң жакшы билимди, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жана ишке даярдыкты сунуштады, кыялдарымды ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түздү. Ошондой эле өзүмдү жакшыраак таанып, келечекке коркпой кадам таштоону, ишенимдүүлүктү үйрөттү.

Университеттин бүтүрүүчүсү катары ар бир абитуриентке ушул университетке тапшырууну жана түзүлгөн мүмкүнчүлүктөрдү көрүүсүн сунуштайт элем.

**Элзада Момунжанова, Түрк кинолорунун каскадёр жана дублёру:**



## “Университетте аракетчил студенттерди ар тараптан колдоого алат”

Мен 2018-жылы Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык мамилелер бөлүмүнө тапшыргам. Университетте алган билимим жана тажрыйбам бүгүнкү жетишкендиктериме чоң өбөлгө түздү. Бул багытты тандаганымдын аркасында 15тен ашуун өлкө кыдырып, көп улуттуу чөйрөдө иштөөгө мүмкүнчүлүк алдым.

Ар бир окуу жайда студенттерге колдоо көрсөтүлө бербейт, бирок ОшМУ бул жагынан өзгөчөлөнөт. Университетте аракет кылган студенттерди ар тараптан колдоого алышат. Мугалимдердин студенттерге болгон камкордугу, алардын өсүп-өнүгүшүнө шарт түзүүсү мени дайыма шыктандырып турду. Ошол учурдагы ректор Каныбек агай мени абдан жылуу кабыл алып, келишимдик төлөмдөн бошоткон. Бул студент үчүн чоң жардам деп эсептейм. Ал эми учурдагы ректор Кожобеков агай да жеңиш сайын куттуктап, дем-күч берип турат. Университетибиз жөн гана билим берүү мекемеси эмес, таланттарды колдогон, студенттердин мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен окуу жай.

Учурда мен Стамбул шаарындагы Ускудар (Üsküdar) университетинде “Ядердик технология жана радиациялык коопсуздук” багыты боюнча 1-курста окуйм. Ошондой эле, Түрк кинолорунда каскадёр жана дублёр катары иштейм.

Албетте, ОшМУда окуганым үчүн сыймыктанам! Жалпы мугалимдерге жана студенттерге терең ыраазычылык билдирем! Кайсыл жерде болбоюн ОшМУ мен үчүн өзгөчө сезим менен эстей турган окуу жайым катары кала берет.

Жаш досторго айтарым: өзүңөр сүйгөн кесипти тандагыла! Ар бир адам өз жүрөгү каалаган жол менен кетсе гана, чыныгы ийгиликке жете алат. Эгер аракет кылсаңар, мүмкүнчүлүктөр өзү келет. Силер аракет кылсаңар, ОшМУ бардык шартты түзүп берет!

**Бекболсун Абдыкадыров, Чыгыш таануу институтунун 4-курсунун студенти, "Атуулдук-2022" жана Президенттик "Үмүт" стипендиясынын ээси:**



## “ОшМУ – мүмкүнчүлүктөрдүн борбору”

2018-жылы Баткендин тээ алыскы Рават айылындагы орто мектепте 9-классты бүтүү алдында турам. Эмнегедир жан дүйнөм мектепте калууну каалабады. Алгач окууга тапшырам деп түз эле Бишкекке бардым. Бирок, көксөгөн нерсени таппай, акыры ОшМУга келдим. Мурда бул окуу жай боюнча билбейт болчумун. Билсем, Бишкекке барбас белем... ОшМУда окуганыма чексиз ыраазымын! Анткени мен күткөндөн көптү берди.

ОшМУда окууда мен үчүн бир ок менен эки коёнду атуу мүмкүнчүлүгү бар эле, аны кармап калдым. 1) Атуулдук, Президенттик стипендиялар, 2) Академиялык мобилдүүлүк. Азия менен Европаны бириктирип турган Түркияга барып 1 семестр билим алып келдим. Бул мага өтө чоң өзгөрүү алып келди. Муну мен эмес, мени тааныгандар айтышты. Анан да тарых сараң келет деген чындык экен. Мен ОшМУда тарых жарата алдым. Бул болсо ОшМУнун "Окумуштуулар кеңешинин" стипендиясы, "Атуулдук" (1200$ өлчөмүндө) жана Президенттик "Үмүт" стипендиясына жетишкен алгачкы студент боло алдым. Муну менен мен айкым келген нерсе ОшМУ мүмкүнчүлүктөрдүн борбору. Тээ алыскы айылдан эч кандай тааныш билиши жок башка шаарга келип ийгилик жаратканы бул - аракет кылсаң баары болот, ал ата-энебиздин аброюнан же башка сырткы фактордон көз каранды эмес дегендик. Абитуриент досторума айтарым, окугула. Окугандардын, кыйындардын заманы келе жатат. Муну мамлекеттик иштерге сынактын гана негизинде кирип калган кызматкерлерден билсек болот. Өз кесибиңердин мыктысы болгула. Анткени алдыда жумушсуздардын армиясы топтолуп жатат, алардын катарында силерди көргүм келбейт. Дегеним, көп нерсени роботтор аткарып, чала сабат, билимсиз, колунан эч нерсе келбеген адамдар эч нерсеге жараксыз болуп өздөрүнчө бир армия болушат. Бул коркунучтуу. Акыркы сунушум, чөйрөңөргө маани берип, туура чөйрөдө болгула. Анан да телефондун азгырыгынан өзүңөрдү абайлагыла. Ал эми ОшМУга терең ыраазычылык, алкыш, ОшМУ мага билим, ийгилик, мыкты чөйрө жана сүйүү берди!

“Нур” ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезити

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Элена Аданова

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Эльнура Кудайбердиева
Майрам Шарип кызы
Малика Токтосунова
Гүлзар Максытали кызы
Таттыбүбү Гуламова
Айганыш Нурлан кызы
Адылбек Тологонов

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. «ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331,
ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 3000 Буюртма № 456

# ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА - ЖАГЫМДУУ АТМОСФЕРА



"Ак-Буура" кампусу




ОшМУнун курулуп жаткан медициналык клиникасы



Эл аралык билим берүү программалары жогорку мектеби



Медицина факультетинин кошумча окуу корпусу



Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин ветеринардык клиникасы




Искусство факультети



Индустриалдык-педагогикалык колледжи




"БИЛИМ" лицейи







Лекциялык залдар





Congress Resort OshSU





"КЕЛЕЧЕК МУУНДУН ХАБЫ" борбору